**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**ЫСЫК-АТА РАЙОНУ**

**КОЧКОРБАЕВ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**КОЧКОРБАЕВ**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЫСЫК-АТИНСКИЙ РАЙОН**

**КОЧКОРБАЕВСКИЙ**
**АЙЫЛЬНЫЙ АЙМАК**
**КОЧКОРБАЕВСКИЙ**
**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**

---

# ТОКТОМ № 119/XVIII-27

03-октябрь 2019-ж. Кенеш а.

## “Түрткү берүүчү грант алуу үчүн жергиликтүү бюджеттен чыгарылуучу өз каражаттарды бекитүү жөнүндө”

Каржы-экономика бөлүмүнүн башчысы Д.О. Эгемкулованын “Түрткү берүүчү грант алуу үчүн жергиликтүү бюджеттен чыгарылуучу өз каражаттарды бекитүү жөнүндөгү” маалыматын угуп жана талкуулаган соң, төмөнкүдөй пикир ырасталды: түрткү берүүчү грант алуу үчүн жергиликтүү бюджеттеги өз каражаттардан биз жазылган гранттын жалпы суммасынын пайыздык катнашы боюнча 20% кошумчаны бекитүүбүз зарыл. Кыргыз Республикасынын Каржы министрлигине түрткү берүүчү грантка карата биз тараптан:
Долбоор 1. “Буденовка айылынын «Нур-Нариете» бала бакчасынын имаратын капиталдык оңдоп-түзөөдөн өткөрүү”;
Долбоор 2. Кочкорбаев айыл өкмөтүндө “Жолдорду оңдоп-түзөөдөн өткөрүү – көчөлөрдү асфальттоо” сунушталат.
Кочкорбаев айылдык кенеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ**

1. 2020-жылга карата жергиликтүү бюджеттен түрткү берүүчү гранттын жалпы баасынан 20% пайызга туура келген кошумча бекитилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Кочкорбаев айыл Кеңешинин бюджет жана каржылоо боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А. Албекенов**